УДК: 796.5 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-21-28

**Асанбаева Ж.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Asanbaeva.86@list.ru

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТУРИЗМДИН ӨНҮГҮҮСҮНДӨ САРЫ-ЧЕЛЕК БИОСФЕРАЛЫК КОРУГУНУН МААНИСИ

**Аннотация.** XX кылымдын экинчи жарымынан баштап туризм дүйнөлүк экономикада эң тез өнүккөн секторлордун бирине айланган. Ал негизинен регионалдык жана улуттук өнүгүүнүн булагы болуу менен бирге киреше, жумуш орундарын түзүү, салык кирешелерин көбөйтүү жана төлөм балансындагы маселелерди чечүүдө да чоң роль ойнойт. Ошондуктан башка экономикалык секторлорго караганда анын күчтүү мультипликатор эффектине ээ экендигин айтууга болот. Туризм жана эс алуу чөйрөсүн өнүктүрүүдө жаратылыш шарттарын, өбөлгөлөрүн изилдөө рекреациялык иш-аракеттерин баалоодогу эң алгачкы, салттуу баскычы болуп саналат. Себеби, жаратылыш ресурстары территориянын рекреациялык жарамдуулугун аныктоочу негизги фактор болуп саналат. Бул макалада азыркы учурда Кыргызстандагы туристтик-рекреациялык тармагынын жалпы абалы жана түрлөрү, анын ичинен Сары-Челек биосфералык коругунун рекреациялык ресурстарынын мааниси, табигый-туристтик ресурстарынын таралышы, туризм жана эс алуу чөйрөсүнүн өнүгүүсүнүн бүгүнкү күндөгү абалы туризмге тийгизген таасирлери каралды. Туризм олуттуу киреше булагы болуу менен бирге өлкөнүн кадыр-баркын көтөрүү жана дүйнөлүк коомчулуктун жана карапайым жарандардын алдында анын маанисин жогорулатуунун күчтүү факторлорунун бири болуп саналууда. Ошондуктан ички жана тышкы туризмди өнүктүрүүдө рекреациялык ресурстарды пайдалануудагы багыттар каралды.

**Негизги сөздөр:** туризм, жаратылыш ресурстар, климат, экономикалык өнүгүү, кооз ландшафт, инфраструктура, биотүрдүүлүк, туризм индустриясы, фауна, флора рекреациялык ресурс, аба ырайы, жер кыртышы, көл, токой чарбасы, биосфералык корук.

**Асанбаева Ж.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Asanbaeva.86@list.ru

# ЗНАЧЕНИЕ САРЫ-ЧЕЛЕКСКОГО БИОСФЕРНОГО ЗАПОВЕДНИКА В РАЗВИТИИ ТУРИЗМА В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация.** Со второй половины XX века туризм стал одним из наиболее быстрорастущих секторов мировой экономики. Он является главным образом источником регионального и национального развития, но также играет важную роль в создании доходов, рабочих мест, увеличении налоговых поступлений и решении проблем платежного баланса. Поэтому можно сказать, что он обладает более сильным мультипликативным эффектом, чем

другие секторы экономики. Изучение природных условий и предпосылок развития туризма и рекреации является первым, традиционным этапом оценки рекреационной деятельности. Это обусловлено тем, что природные ресурсы являются основным фактором, определяющим рекреационную пригодность территории. В данной статье рассматриваются современное состояние и виды туристско-рекреационной отрасли в Кыргызстане, включая значение рекреационных ресурсов Сары-Челекского биосферного заповедника, распределение природных и туристских ресурсов, а также влияние современного состояния развития туризма и рекреации на туризм. Туризм является значимым источником дохода, а также одним из мощных факторов повышения престижа страны и увеличения ее значимости в глазах мирового сообщества и рядовых граждан. Поэтому были рассмотрены направления использования рекреационных ресурсов в развитии внутреннего и въездного туризма.

**Ключевые слова:** туризм, природные ресурсы, климат, экономическое развитие, красивый ландшафт, инфраструктура, биоразнообразие, туристическая индустрия, фауна, флора, рекреационные ресурсы, погода, почва, озеро, лесное хозяйство, биосферный заповедник.

**Zh.K. Asanbayeva**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Asanbaeva.86@list.ru

## THE IMPORTANCE OF THE SARY-CHELEK BIOSPHERE RESERVE IN THE DEVELOPMENT OF TOURISM IN KYRGYZSTAN

**Abstract.** Since the second half of the 20th century, tourism has become one of the fastest-growing sectors of the global economy. It is primarily a source of regional and national development, but also plays a significant role in generating income, jobs, increasing tax revenues, and solving balance of payments problems. Therefore, it can be said that it has a stronger multiplier effect than other economic sectors. Studying the natural conditions and prerequisites for tourism and recreation development is the first, traditional stage in assessing recreational activities. This is due to the fact that natural resources are the main factor determining the recreational suitability of an area. This article examines the current state and types of tourism and recreation in Kyrgyzstan, including the importance of the recreational resources of the Sary-Chelek Biosphere Reserve, the distribution of natural and tourist resources, and the impact of the current state of tourism and recreation on tourism. Tourism is a significant source of income, as well as a powerful factor in enhancing the country's prestige and increasing its importance in the eyes of the international community and ordinary citizens. Therefore, the article examines the areas of using recreational resources in the development of domestic and inbound tourism.

**Key words:** tourism, natural resources, climate, economic development, beautiful landscape, infrastructure, biodiversity, tourism industry, fauna, flora, recreational resources, weather, soil, lake, forestry, biosphere reserve.

**Киришүү.** Туризм олуттуу киреше булагы болуу менен бирге өлкөнүн кадыр-баркын көтөрүү жана дүйнөлүк коомчулуктун жана карапайым жарандардын алдында анын маанисин жогорулатуунун күчтүү факторлорунун бири болуп саналууда. Анын ичинде Сары-Челек

биосфералык коругунун экологиялык абалын, ошондой эле рекреациялык ресурстарын изилдөө жана аны өнүктүрүү үчүн пайдалануу, эс алууну өркүндөтүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси. Туризмди өнүктүрүү  көптөгөн тармактарда бизнес өнөктөштүктү өнүктүрүүгө жардам берет.

**Материалдары жана изилдөөнүн ыкмалары.** Рекреациялык ресурстарды мүнөздөөдө комплекстүү, салыштырма ошондой эле тарыхый методдор жана изилдөөдө архивдик фонддор, статистикалык маалыматтар, көрсөтмө усулдар пайдаланылды.

XX кылымдын экинчи жарымынан баштап туризм дүйнөлүк экономикада эң тез өнүккөн секторлордун бирине айланган. Ал негизинен регионалдык жана улуттук өнүгүүнүн булагы болуу менен бирге киреше, жумуш орундарын түзүү, салык кирешелерин көбөйтүү жана төлөм балансындагы маселелерди чечүүдө да чоң роль ойнойт. Ошондуктан башка экономикалык секторлорго караганда анын күчтүү мультипликатор эффектине ээ экендигин айтууга болот. Ал түз же кыйыр түрдө 32 экономикалык секторго (турфирмалар, транспорттун баардык түрү, мейманканалар, тамактануу системалары, эс айлуу жайлары, санаторийлер, улуттук кол өнөрчүлүк, улуттук парктар ж.б.) таасир берет. Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан көпчүлүк өлкөлөрдө жасалган изилдөөлөр боюнча туризм экономикалык өнүгүүнүн жана өсүүнүн эң негизги булактарынын бири экендиги далилденген[6]. Кыргызстанда дагы, туризм индустриясы өлкө экономикасында приоритеттүү секторлордун бири катары таанылат. Статистикалык жана эмпирикалык маалыматтар Кыргызстандагы туризмге жылдан-жылга кызыгуу арткандыгын жана туристтердин саны жана алардан түшкөн кирешенин өскөндүгүн көрсөтөт. Мисалы, 90-жылдардын башында өлкөбүзгө 30 өлкөдөн туристтер келсе 2010-жылдан кийин 100 дөн ашык өлкөдөн келе баштаган. Статистикалык Комитеттин берген маалыматы боюнча 2013-жылы Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жарандардын саны 3,1 млн. адамды түзгөн, бул 2009-жылга караганда 1,4 эсеге, ал эми 2001-жылга салыштырмалуу 2,2 пайызга көп. КМШ өлкөлөрүнөн өлкөбүзгө келгендердин саны 2,9 млн. адам (чет өлкөлүк туристтердин жалпы санынын 95,1 пайызы) жана КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн 152,8 миң адам (4,9 пайыз) [1, 9-б.].

Чет өлкөлүк туристтердин негизги v агымы Казахстандан, Россиядан, Өзбекстандан, Тажикстандан, Кытайдан, Германиядан, Турциядан жана АКШдан болгон. Өнүгүү критерийлеринин негизинде туризмдин Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнө канчалык жана кандайча таасир бергендигин изилдөөнү максат кылган бул изилдөөдө, туризм жана адамдырдын өнүгүү потенциалынын индекстери арасындагы байланыш изилденип, Кыргызстандын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүндөгү мааниси каралган. Алгач аз өнүккөндүккө токтолуп, начар өнүккөн өлкөлөрдүн өзгөчөлүктөрү каралган, андан кийин өнүгүү теориялары жана Кыргызстандагы туризмдин абалы аныкталып туризм жана экономикалык өнүгүү арасындагы байланыш изилденген. Бул максатта экономикалык өнүгүүгө таасир берет деген өзгөрмөлөр тандалып анализ жасалган. Өзгөрмөлөрдү тандоодо адамдырдын өнүгүү потенциалынын индекстери болгон жыргалчылык индекстери жана саламаттыкты сактоо системасынын стандарттарына көңүл бөлүнгөн. Буга ылайык, өнүгүүнүн символу катары, киши башына түшкөн киреше жана ички дүң өндүрүм, өнүгүүгө таасир берген өзгөрмөлөр катары да келген туристтердин саны, туризм кирешелери, балдардын өлүү коэфициенти, жумушсуздук саны жана инфляция деңгээлдери белгиленген. Бул маалыматтардын негизинде Грейнжер себептүүлүк жана регрессия анализдери жасалып, жыйынтыгында туризм кирешелери жана экономикалык өнүгүү арасында карама-каршылыктуу оң байланыш болгондугу табылган. Тагыраак айтканда Кыргызстанда туризм

кирешелеринин өнүгүүсү өлкө экономикасына оң таасир берсе, ошол эле учурда экономиканын өнүгүүсү туризм секторунун өнүгүүсүнө оң таасир бере тургандыгы аныкталган [1, 14-б.].

**Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан кийин мамлекет башчылары Россия Федерациясы менен болгон байланышты бекемдеп, КМШ өлкөлөрү менен биргеликте бирдиктүү туристтик мейкиндикти кайра жаратууну көздөгөн жолду тандашкан. Ошол аракеттин натыйжасында Кыргызстандын заманбап туризм рыногу түзүлдү. Акыркы жылдары Кыргыз мамлекети башка мамлекеттер сыяктуу туризм тармагын экономиканын локомотиви болуп берчү кирешелүү тармак катары санап, артыкчылыктарды берип келүүдө. Кыргызстан тоолуу өлкө болгондуктан тоо туризми тездик менен өнүгүүдө. Ушул багыт менен алып караганда Сары-Челек биосфералык коругун кыргыз туризминин бренди катары кароого болот.**

**Кыргызстандын туризм тармагында КМШ өлкөлөрүнүн арасында Россия Федерациясы, Казакстан мамлекеттери, АКШ, Кытай, БАЭ, Турция, Индия сыяктуу өлкөлөр негизги инвесторлор катары саналат. Тоо туризмди өнүктүрүүдө туристтердин агымын тейлөөчү транспорт башкы ролду ойнойт. Сары-Челек көлүн, андагы кооз жаратылышты көрүү үчүн келген чет элдик туристтер аба майдан жана унаа жолдорду колдонушса, ички туристтер унаа жолдорду гана колдонушат. Бишкек жана Ош шаарларында эл аралык аба майдандары жайгашканын эске алганыбызда, чет жактан келген туристтердин агымы алгач ушул республикалык деңгээлдеги эки ири шаарыбызга келип түшөт. Бул өлкөдөгү туризм тармагы гана эмес, кызмат көрсөтүү секторунун өнүгүшүнө жакшы мүмкүнчүлүк түзүп берет** [2].

**Кызмат көрсөтүү тармагы 2022-жылы Кыргызстандын ИДПсынын 50 пайызын түзгөн. 2013-жылы бул көрсөткүч 46 пайыз гана болгон. Соода, мейманкана, ресторан, транспорт ишмердүүлүгү туризм тармагы өнүккөн сайын экономиканын алдыңкы секторуна айланып баратат. Кыргызстанда Европа, АКШ сыяктуу туризм тармагындагы инфраструктура мыкты эмес. Акырындык менен алдыга жылуулар байкалууда. Сары-Челек туризмдин өнүгүүсүн гана эмес, кызмат көрсөтүү, тейлөө тармагын кошо өнүктүргөн рычак катары баалоо зарыл. Туристтик рыноктогу инфраструктуралардын негизгилеринин бири мейманкана ишмердүүлүгү. Мейманкана рыногундагы анализ боюнча Бишкек шаары жана Жалал-Абад облусу бул кызмат көрсөтүүдө алдыңкы орунда. Демек, Сары-Челек Кыргызстандын туризм тармагынан сырткары кызмат көрсөтүү тармагынын да өнүгүшүнө зор салым кошуп жаткан аймак** [3].

**Сары-Челек көлүнө Бишкек шаарынан жетүү үчүн унаа жол колдонулат. Төө-Ашуу ашуусу, Суусамыр жайлоосу, Чычканды капчыгайы, Токтогул суусактагычы сыяктуу туристтик потенциалы чоң жайларды унаа менен аралап өтүп, жолдо түнөгөнгө туура келет. Мында Суусамыр жайлоосунда жайлоо туризмин, көчмөндөр цивилизациясын дүйнөгө таанытканга, Чычканды капчыгайынын кооз жаратылышын, андагы тоо койнундагы мейманканаларды жарнамалоого чоң мүмкүндүк түзүлөт. Ош шаарынан Сары-Челек көлүнө чейинки Арстанбап, Таш-Көмүр каньону сыяктуу туристтик жерлерибизди туристтерге көрсөтүүгө мыкты шарт жаралат. Сары-Челекти бир гана аймактагы туризмди эмес, республика боюнча туристтик жерлердин потенциалын ачып берүүчү маанидеги жер катары карашыбыз шарт.**

**Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругу чыныгы экосистеманын эталону болуп, уникалдуу жандуу жаратылышты сактоо үчүн түзүлгөн.** Чындыгында, коруктун көркү болгон Сары-Челек көлүнүн узундугу 7,5 км, эни 3 км, тереңдиги 250 метрди түзөт. Мындан сырткары 6 көл бар: Ийри-көл, Арам көл, Чөйчөк көл, Туюк көл, Кыла көл, Бакалы көлү. Бул корук Кыргызстанда алгачкылардан болуп түзүлгөн. Анын аймагы дээрлик 24 миң гектарды түзөт. Андагы эң бийик чоку Музтөр болуп, бийиктиги 4 миң 247 метрге жетет. "Сары-Челек" коругу 1979-жылы ЮНЕСКОнун "Адам жана биосфера" программасынын биосфералык резерваттардын Дүйнөлүк тармагына киргизилген. Ал эми, 2016-жылы ЮНЕСКОнун дүйнөлүк мурастар объекттеринин тизмесине Батыш Тянь-Шандын бир бөлүгү катары кирген. Кыргыз ССРнин токой чарба жана жаратылышты коргоо башкармалыгынын 1962-жылдын 9-февралындагы коллегиясынын чечими менен Авлетим токой чарбасынын Балтыркан 3053 га коктусу кошулган. Учурда коруктун аянты 23868 га болуп, Аркыт-12044 га аянты менен Сары-Челек 11824 га аянты менен 2 токой чарбасын түзөт [4].

Коруктун географиялык жайгашуусу.

Баарына белгилүү Сары-Челек көлү "Сары-Челек" коругунда жайгашкан. Аны менен катар коруктун аймагында дагы 6 көл бар: Кыла, Арам көл, Чөйчөк көл, Ири көл жана эки чакан көл – Бакалы менен Туюк көлдөрү. Сары-Челек көлүнө жетүү үчүн коруктун оозунан көлгө чейин узун жолду басып өтүү керек. Болжол менен анын узундугу 15-20 чакырымды түзөт. Жол бою, тоо этектеринде чытырман болуп турган бак-дарактар тоо бооруна, кырларга чейин өсүп, тоону көк майса чөп, гүлдөр каптап турат. Окумуштуулардын пикири боюнча, Сары-Челек көлү 10 миң жыл мурда жер титирөөдөн кийин пайда болгон. Анын узундугу 7,5 чакырымга, эң жазы жери 2,3 чакырымга жетип, аянты 492 гектарды түзөт. Ал эми анын орточо тереңдиги 98 метр болсо, эң терең жери – 244 метр. Мындан улам ал Ысык-Көлдөн кийин эле тереңдиги боюнча Кыргызстандагы көлдөрдүн арасында экинчи орунда турат. Сары-Челек көлү деңиз деңгээлинен 1878 метр бийиктикте жайгашкан. Кыш мезгилинде Сары-Челек январь айларында тоңуп, кайра апрель айларында эрийт. Көл тоңгондо муздун калыңдыгы 25-30 сантиметрге чейин жетет.

Сары-Челек биосфералык коругу Жалал-Абад облусунун Аксы районунун аймагында жайгашкан. Корук Чаткал кыркасынын түштүк төмөндүгүндө континенталдуу климат зонасындагы жайкы кургактыктан жана нымдуу суук кыштан турат. Түндүктөн түштүккө 25 км, Чыгыштан Батышты карай 14 км ди түзөт. Коруктун аймагы ойдуңду элестетет, аны Батыштан жана Чыгыштан шалбаага окшогон Чаткал кыркасы коргойт. Түндүк жактан корук мамлекеттик жер фондусунун аймагы, Чыгыш жана Түштүк тараптан Аркыт токой чарбасы жана мамлекеттик жер фондунун жерлери, Батыш тарабында Авлетим токой чарбасы менен чектелген. Коруктун кеңсеси Кербен шаарынан 67 км аралыктагы Артык айылында жайгашкан, ал эми Жалал-Абад облусунан 280 км алыстыкта [3].

**Климаты**

Коруктун аймагын тоо кыркалары Түндүк-Батыш жана Чыгыштан соккон кышкы суук массадан коргойт. Бул жерде климат жумшак, кышында кар көп болот жана жайында аба жылуу, нымдуу келет. Абанын айлардын арасындагы температурасы январь айында эң суук -4,9 С, бирок суук 27 С жеткен учур да болот. Эң ыссык июнь айынын орточо температурасы 22 С, эң жогорку температура 40 С. Жыл ичинде жаан чачын көп болот, орточо 840 мм ге жетет. Коруктун тоо этек жагында кар декабрдын биринчи жарымында түшүп, марттын ортосуна чейин 115 күн болот. Кардын бийиктиги 100-110 см ге, ачык участкаларда 60-70 см ге жетет [4].

Рельеф жана жер кыртышы

СССР илимдер академиясынын Түштүк-Кыргыз экспедициясынын маалыматтары боюнча, коруктагы морфологиялык ландашфттын алты түрүнүн үч гана түрү бар:

- аскалуу тоолор (бийик тоолор);
- массивдуу тегизделген тоолор (орто тоолор);
- түрдүү түстөгү ойдуңдар.

Морфологиялык ландшафтын бул акыркы тиби корук үчүн маанилүү роль ойнобойт, анткени ал өз аймагында өтө аз таралган. Жогорудагы үч түрдөгү рельефттердин мүнөздөмөсү жогоруда айтылган экспедициянын материалдарына ылайык келтирилиши мүмкүн:

1.Биринчи тип чокулуу кыркалары, капчыгайлар сыяктуу кууш жана терен өрөөндөрү, кээде тунук дубалдардары бар каньондор сымал, көп сандаган сайлуу узун жана жар сымал капталдары бар аскалуу тоолор катары мүнөздөлөт. Мындай аймактар, эрежеге ылайык, тыгыз кристаллдуу курамга ээ болуп, палозай курагындагы акиташтардан, конгломераттардан, гнейсадан, мергелден, сланцтан жана кумдардан турат.

2. Морфологиялык ландшафтын экинчи түрү жумшак купол сымал чокулары жана жакшы иштетилген терең өрөөндөрү бар массивдүү тегиз тоолордон турат. Ошондой эле алар жыш курулуп, сланцттардан, кремний аралашакан сланцтардан, кумдуктардан, гнейстерден, кристаллдуу сланцтардан жана чанда туф тибиндеги магмалык тектерден турат.

3. Түрдүү түстөгү жапыз тоолор көп сандагы бөлүкчөлөргө бөлүнгөн тоо кыркалары, жапыз чокулары, кумдуу-конгломераттуу-акиташтуу катмар, юрский, мелдүү жана төмөнкү третичный доорундагы ачык боёлгон калдыктар менен тыгыз байланышкан жакшы иштелген аймактары бар тик өрөөндөрдү камтыйт.

Жогорку тоолуу чуңкурлук Түндүк-Батыш тарабынан Чаткал кыркалары, Түндүк-Чыгыш тарабынан Атойнок же Узун-Акмат кыркалары менен, ал эми Түштүк-Батыш тарабынан Бозбу-Ата кыркасы менен корголоогон жай Сары-Челек биосфералык коругу жайгашкан жай болгон. Анын эң бийик точкасы болуп, деңиз денгээлинен 4247 м бийиктиктеги Мустөр тоосунун чокусу; эң төмөнкү бийиктик - деңиз денгээлинен 1200 м болуп, Кожо-Ата суусунун бассейнинде коруктун Түштүк чек арасында жайгашкан [4].

Коруктун аймагы анын бөлүнүшүнө карата, рельефтин тибине жана деңиз деңгээлинин бийиктигине карата: Түндүк тарабы Артык токой чарбасынын 1-2 кварталдары менен, Сары-Челек токой чарбасынын 3-4 кварталдары менен, Түштүк тарабы Аркыт токой чарбасынын 41-47 жана Сары-Челек токой чарбасынын 40 кварталдары менен үчкө бөлүнөт. Коруктун калган аймагы ортоңку бөлүгүнө карайт. Алгачкы эңкейиштеги Чаткал кыркалары тик чокулуу рельеф тибиндеги аска тоолор менен, бири-бири менен таштуу жана аскалуу жарлар менен алмашкан жай-коруктун Түндүк бөлүгүн түзөт.

Орто тоолуу белче рельеф тибине ылайык адырлуу, айбанчага окшогон тизилген кыркалары бар чанда кездешчүү жарлары менен чоң тегиз тоолор бул коруктун ортоңку бөлүгү.

Түштүк бөлүгү бөлүктөргө бөлүнгөн кыркалуу терең казылган өрөөндөрү бар, тик эңкейиштеги, кез- кезде жарлуу топурак сымал тоо тектери менен рельеф тибинин ачык түстөгү ойдуң жерлерден турат. Кожо-Ата суусунун өрөөнү толук жакшы өрчүгөн эмес. Томояк суусунун агымы чыгуучу иштелген конусу бар, каньон тибиндеги аймактары кенен террасалары бар өрөөндөрдөн турат. Куйма өрөөндөр көп учурда терең коктулардын капчыгайларына окшош.

Жер кыртышы. Корук аймагынын жер кыртышы Түштүк-Кыргыз экспедициясынын маалыматына ылайык, беш куур чегинде каралат: тоо астындагы тегиздиктер, адырлар, ойдуң жерлер, орто жана бийик тоолор.

Болгону эки тилке:

Орто жана бийик тоолор коруктун аймагын түзөт, себеби ойдуң жерлер көп аянтты ээлебейт. Коруктун ойдуң жеринде күрөн түстөгү тоо карбонаты бар топурак көп. Орто тоолор-күрөн түстөгү ачык жана кара-кочкул жана кара-күрөң топурак, кара кочкул шалбаа-чөлдүү топурак; бийик тоо курунда тоолуу-шалбаа топурагы жана топурактан куралган аска, тайыз жер аймагы белгилери бар таштуу жайлардан турат. Жер кыртышын бөлүштүрүү горизонталдуу тилкеде эмес, себеби жер кыртышын түзүү факторуна ылайык, бир жерге туура келген жер тилкеси башка жакка да туура келет. Изилденген райондун жер кыртышынын мүнөздөмөсү жаңгак токойлорунун жана бүткүл Кыргызстандын түштүгүндөгү жер кыртышын изилдөөчүлөрү С.С. Неструева (1913) Ю.Д. Ливеровского жана башкалардын (1949), И.Г. Ройченко (1969) иштеринин негизинде чагылдырылган.

Суулары

Токой аңчылык түзүлүшүнүн «Суулар» главасынын маалыматына ылайык, аянты кенейтилип, 606,8 га түзгөн. Коруктун аймагынын гидрологиялык түйүнү Ходжа-Ата суусунан жана анын агымдарынан жана 7 көлдөн кошулат. Коруктун эң башкы суу артериясы болуп Ходжа-Ата суусу саналат. Ал башатын Сары-Челек жана Афлатун сууларынын кесилишинде 3000 м бийиктиктен алат, ал барып Кара-Суу суусуна, Нарын дарыясынын куймасына кошулат. Суунун жалпы агымы Түндүктөн Түштүккө багыт алат.

Дарыянын нугу, айрыкча, анын куймалары менен сайларынын конустарында таштар менен чырмалышкан. Дарыянын жээктери, суу баскан жерлери да тик, ал тургай асылган. Дарыянын агымы күчтүү. Агымдын ылдамдыгы болжол менен 1-3 м/сек, жантайышы 100 м/км. Дарыя Булак агымынан башталат. Коруктун чек арасына чыгуучу жердин туурасы 10 метрге жетет, аралык деңгээлде тайыз суудан бардык мезгилде ат менен өтүү жеткиликтүү, жада калса төмөнкү агымда да жөө өтүү үчүн жерлер бар.

Дарыя негизинен жер астындагы суулар, ошондой эле атмосфералык жаан-чачындар менен азыктанат. Бул жерде суунун дарылык касиети бар булактардын олуттуу саны кездешет. Сууну сугат жана гидротехникалык максаттарда колдонсо болот. Жолдо Сары-Челек дарыясы Сары-Челек жана Кыла көлдөрү менен кесилишет. Ал Кыла көлүнөн чыккан жерден Сары-Челек дарыясынын гидрографиясы Ходжа-Ата дарыясынан айырмаланбайт. Кыла көлүнүн түштүк-чыгышында дагы 5 жабык көл бар, алардын ичинен өзү гана. Ийри-көлдү көл десе болот, ал эми калгандары жазгы кар жааганда гана туруктуу суу күзгүсү бар көлдөргө айланган ойдуңдардан айырмаланбайт.

Бул көлдөрдүн чоңдугу 0,8 га дан 50 га чейин. Көл деңиз деңгээлинен 1875-1950 м бийиктикте жайгашкан. Сары-Челек жана Кыла көлүнүн пайда болушу тектоникалык процесс учурунда тоо породаларынын сууга кулагандыгынын жыйынтыгы менен түшүндүрүлөт [4].

Эң чоң көл болгон Сары-Челек, Түндүк-Батыштан Түштүк-Чыгышты карай созулган коридор формасында. Көлдүн узундугу 7,5 км, кеңдиги 0.64 км ден 3,0 км чейин. Жээк сызыктары туура эмес, бурулуштары бар, булуңдар жана куймаларды түзөт. Тереңдиги 244 метрге жетет. Суунун тунуктугу абдан жогору -10 м ге чейин, түсү – көкмөк жашыл түстө. Сары-Челек көлү – коруктун эң кооз жайы. Корукту уюштурууга себеп Түштүк Кыргызстан токойлорундагы бийик көлдүн болуусу болуп саналат.

Белгилүү окумуштуу профессор Д.Н.Кашкаров, башкы Орто-Азия музейинин экспедициясы менен 1925-1926 жылдары болгондо: «Көл аябай кооз жана швецария көлүнүн кейпине окшош» деп белгилеген. Жыл сайын корукка он миңден ашуун туристтер келип турушат. Туристтерди көлдүн сулуулугу гана эмес, коруктун уникалдуу жаратылыш ландшафтары да кызыктырат [5].

Флора жана өсүмдүктөр

Коруктун аймагында Кызыл китепке кирген жаныбарлар байырлап, өсүмдүктөр өсөт. Мисалы, ак илбирс, сүлөөсүн, суусар, күрөң аюу, каман, элик, тоо текеси, маралдар ж.б. бар. Ошондой эле жаңгак, арча, карагайлар жана башка көптөгөн өсүмдүктөрдү кездештирүүгө болот. Корук өсүмдүктөрүнүн тизмеси. Жогорку өсүмдүктөрдүн флорасы Сары-Челек биосфералык коругунда жетиштүү изилденген. Коруктун флорасынын тизмеси ( Х.У. Борлаков, 1966-ж.) басылып чыккан. Б.А. Султанова жана Г. А. Ласькова "Батыш Тянь-Шандын биоартүрдүүлүгүн сактоо боюнча трансчек аралык Долбоорду "(1987) даярдоодо бул флоранын конспектиси кайра иштелип чыккан. Андан жаңылыштык менен берилген түрлөр алынып салынат жана авторлор корукта өсөт деп эсептешет. Буга карабастан, коруктун флорасы дагы изилдөөгө жана тактоого муктаж.

Коруктун аймагында 877 түрлүү жогорку өсүмдүктөр эсептелет. Анын ичинен 20 үй бүлөлүктөргө тийиштүү 72 ДКР түрү. [4]

Фаунанын түрлөрү.

Сары-Челек коругунда 2021-жылы жапайы жаныбарлардын түрлөрүнүн курамында өзгөрүүлөр байкалган эмес жана төмөнкүлөрдү түзөт: балыктын 5 түрү, амфибиялардын 2 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 5 түрү, канаттуулардын 157ге жакын түрү, сүт эмүүчүлөрдүн 35 түрү жана курт-кумурскалардын 2 миңге жакын түрү бар.

Корутунду

Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүү стратегиясында туризм тармагы экономиканы көтөрүүчү булак катары каралган. Ал документте өлкөнүн баардык аймактарында туризмди өнүктүрүү бекитилген. Сары-Челек биосфералык коругунун потенциалы ушул документте бекитилген талаптардын баарына жооп берет. Акыркы 5 жылдын ичинде Кыргызстанга келген туристтердин саны кескин өсүп, бир жылда 8 млн кишиге жеткен. Туризм жергиликтүү продукцияны экспорттоого стимул берүүчү экономикалык курал да болуп эсептелет. Туристтин сувенир, жергиликтүү продукцияны сатып алууга кеткен чыгымы, баардык чыгымдарынын 20 пайызын түзөт. Сары-Челектин туристтик потенциалын толук колдонуп, жергиликтүү продукцияны чет жакка экспорттоого жол ачса болот. Немецтердин сырасы (пиво), француздардын краусаны, нидерланддардын сыры сыяктуу, Сары-Челек биосфералык коругу жайгашкан аймактагы кара өрүктү (кургатылган түрүн) Кыргызстандын экологиялык таза продукциясы катары таанытсак болот. Бул дүйнөлүк рынокто Кыргызстандын брендин жаратканга жол ачмак. Бул жол экономикалык гана эмес, социалдык эффект да бермек. Бир канча жумуш орундары түзүлүп, жаңы ишканалар ачылмак. Тилекке каршы, туризм тармагында кадрларды даярдоо, сапаттуу маркетингдин жоктугу Кыргызстанда туризмдин өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизип жатат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Туризм в современном мире. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики, – Бишкек, 2021.
2. Особенности и перспективы развития туризма в мире
3. Туризм в Джалал-Абадской области. – Бишкек, 2022.

4. Жалал-Абад облусунун энциклопедиясы. – Бишкек, 2003. – 275 с.
5. Жолдошева Т.Б. Рекреациялык география. – Жалал-Абад, 2015.
6. ***Бейшенкулова Д.А., Жолучу к.Н., Токторалиев Э.Т., Эрдеш у.Р., у.Р.*** «Жашыл экономика принциптеринин негизинде Кыргызстандагы туризмдин өнүктүрүүнүн негиздери» Вестник КГУ им. И. Арабаева – 2025, № 2/2. – С.37-49
7. Низамиев А.Г., Култаева А.К. Кыргызстандын туштук аймагынын табигый-туристтик потенциалын баалоонун геоэкологиялык маселелери. – Бишкек, 2017

**Рецензент: география илимдеринин кандидаты, профессордун м.а. Солпуева Д.Т.**